Абдыкадырова Мая Байсаловна
Адам университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
e-mail: abdykadyrova.maya@mail.ru
Кубатбекова Шарихат Кубатбековна
Адам университети, ага окутуучу
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш.
e-mail:s.kubatbekova1959@mail.ru

ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК СТУДЕНТТЕРГЕ КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУДА ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДОРДУ КОЛДОНУУНУН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

Аннотация. Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын өнүктүрүүнүн азыркы этабы окутуу процессинде интерактивдүү методдорду жана технологияларды кеңири колдонуунун актуалдуулугун арттырууда. Бул макалада чет өлкөлүк студенттердин коммуникативдик компетенциясын калыптандырууга жана өнүктүрүүгө өбөлгө түзгөн интерактивдүү окутуу методдору менен ыкмаларынын айрым түрлөрү талдоого алынат.

Негизги сөздөр: интерактивдүү методдор жана ыкмалар, ролдук оюн, мээ чабуулу, кластер, интерактивдүү ыкмалардын классификациялары, санариптик технологиялар.

Абдыкадырова Мая Байсаловна
Университет Адам, кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызская Республика, г.Бишкек
e-mail: abdykadyrova.maya@mail.ru

Кубатбекова Шарихат Кубатбековна
Университет Адам, старший преподаватель
Кыргызская Республика, г.Бишкек
e-mail:s.kubatbekova1959@mail.ru

ЭФФЕКТИВНОСТЬ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ В ОБУЧЕНИИ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ ИНОСТРАННЫХ СТУДЕНТОВ

Аннотация. Современный этап развития системы образования Кыргызской Республики актуализирует значимость применения интерактивных методов и технологий в образовательном процессе. В статье рассматриваются и анализируются отдельные интерактивные методы и приемы обучения, способствующие формированию и развитию коммуникативной компетенции иностранных студентов.

Ключевые слова: интерактивные методы и приемы, ролевая игра, мозговой штурм, кластер, классификации интерактивных методов, цифровые технологии.

Abdykadyrova Maya Baisalovna
Adam University, Candidate of pedagogical sciences, Associate Professor
Kyrgyz Republic, Bishkek
e-mail: abdykadyrova.maya@mail.ru
Kubatbekova Sharihat Kubatbekovna
Adam University, senior lecturer
Kyrgyz Republic, Bishkek
e-mail:s.kubatbekova1959@mail.ru

THE USE OF INTERACTIVE TEACHING METHODS IN THE STUDY OF THE KYRGYZ LANGUAGE BY FOREIGN STUDENTS

Abstract. The current stage in the development of the education system in the Kyrgyz Republic has updated the importance of using interactive forms of education. The article discusses some interactive teaching methods and techniques in the Kyrgyz language classes with foreign students, which will help to develop the communication skills of foreign students.

Keywords: interactive methods and techniques, role-playing game, brainstorming, cool, classifications of interactive methods, digital technologies.

Кыргызстандыгы жогорку окуу жайларында билим алып жаткан чет өлкөлүк студенттердин саны көбөйгөн сайын мамлекеттик тилди окутуунун сапатын жогорулатуу маселеси актуалдуу болууда. Айрыкча медициналык адистиктерде окуган чет өлкөлүк студенттер үчүн кыргыз тилин практикалык багытта өздөштүрүү маанилүү. Салттуу окутуу ыкмалары тилдин теориялык негиздерин өздөштүрүүгө көмөк көрсөтсө да, студенттердин сүйлөө жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө интерактивдүү методдор кыйла натыйжалуу экендиги практикада далилденүүдө. Кыргыз тилин чет тил катары окутууда интерактивдүү окутуу ыкмаларын колдонуу чет элдик студенттердин коммуникативдик жөндөмдөрүн жогорулатууга өбөлгө түзөт, ошондой эле тилди үйрөнүүгө болгон таанып-билүүчүлүк кызыгуусун арттырат. Мындан тышкары, интерактивдүү окутуу ыкмалары студенттерге ар кандай сүйлөө тапшырмаларын аткарууда өз ойлорун эркин билдирүүгө мүмкүндүк берет, натыйжада окуу процесси натыйжалуу болот. Бул методдун натыйжалуулугу – окутуучу менен студенттин, студент менен студенттин ортосунда теңчиликти, өз ара кызматташтыкты, активдүү баарлашууну жүзөгө ашырууга ылайык. Чет өлкөлүк студенттерге тил үйрөтүүдө

интерактивдүү окутуунун негизги принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:

s студентке багытталган окутуу;

s кызматтыштыкта билим алуу;

s коммуникативдик мамиле;

s турмуштук кырдаалдарды моделдештирүү;

s өз алдынча ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.

«Интерактивдүүлүк – бул окуучунун инсандык жөндөм-шыгына, суроо- талаптарына негизделип, билим берүүнүн жемиштүүлүгүн арттырууга, өркүндөтүүгө жана ичтен жаңылануугa (инновациялоого) багыттап окутууга болгон мамиле, дидактикалык иш-аракеттердин өзүнчө бир системасы». [3, 107-б.]

Бул макалада Адам университетинде чет элдик студенттер үчүн кыргыз тили сабактарында интерактивдүү окутуу методдорун колдонуунун кээ бир мисалдарын келтиребиз.

Чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда **ролдук оюндар** өзгөчө орунду ээлейт жана алар коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандыруунун эң натыйжалуу интерактивдүү методдорунун бири катары каралат. Ролдук оюндарды колдонуу күнүмдүк турмуштагы типтүү баарлашуу кырдаалдарын моделдөөгө жана активдүү сүйлөө практикасы үчүн шарт түзүүгө мүмкүндүк берет. Коммуникативдик тапшырмаларды аткаруу учурунда студенттер тилдик каражаттарды реалдуу баарлашуу шартында колдонуу тажрыйбасына ээ болушат, диалогдук сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүшөт, сөз байлыгын кеңейтишет жана тилдик тоскоолдуктарды жеңишет. Мындан тышкары, ролдук оюндар чет өлкөлүк студенттердин кыргыз тилдүү чөйрөгө ийгиликтүү социалдык-маданий адаптацияланышына көмөк көрсөтүп, мамлекеттик тилди үйрөнүүгө болгон мотивациясын жогорулатат жана өздөрүнүн коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрүнө болгон ишенимин бекемдейт.

Медициналык багыттагы чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда кесиптик кырдаалдарга негизделген ролдук оюндардын мааниси өзгөчө чоң. «Дарыгер – бейтап», «Ооруканандын каттоо бөлүмүндө», «Дарыканада», «Дарыгердин кеңеши» сыяктуу ролдук оюндар студенттердин сүйлөө жөндөмдөрүн активдештирип, тилдик каражаттарды практикалык шарттарда колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ошону менен бирге грамматикалык көндүмдөр да өркүндөтүлөт, анткени студент коммуникативдик максатка ылайык келген тилдик моделди тандап, аны кыргыз тилинин грамматикалык нормаларына ылайык туура колдонууга аракеттенет. Мындай тапшырмалар аркылуу студенттер медициналык терминологияны өздөштүрүп гана тим болбостон, ар түрдүү коммуникативдик кырдаалдарда кыргыз тилинде эркин баарлашуу көндүмдөрүнө ээ болушат. Ролдук оюндардын жүрүшүндө студенттер суроо берүү, маалымат алуу, сунуш айтуу, кеңеш берүү жана түшүндүрүү сыяктуу кептик аракеттерди аткарууга машыгышат.

Ролдук оюндарды өткөрүү процессинде окутуучу негизинен байкоочу жана багыт берүүчү функцияны аткарат. Ошол эле учурда анын жардамы да маанилүү орунду ээлейт: окутуучу студенттердин кеп ишмердүүлүгүнө көз салып, кетирилген каталарды оңдойт, зарыл учурда ылайыктуу сөздөрдү жана кептик үлгүлөрдү тандоого көмөк көрсөтөт. Мындай педагогикалык колдоо студенттердин өзүнө болгон ишенимин арттырып, тилдик тоскоолдуктарды жеңүүгө шарт түзөт.

Практика көрсөткөндөй, интерактивдүү сабактар студенттер тарабынан чоң кызыгуу менен кабыл алынат. Ролдук оюндарга катышуу аркылуу алар өздөрүнүн коммуникативдик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, эркин баарлашууга үйрөнүшөт. Натыйжада алардын сүйлөө активдүүлүгү жогорулап, кесиптик жана тилдик компетенциялары комплекстүү түрдө өнүгөт. Мындан тышкары, мындай интерактивдүү иштер чет өлкөлүк студенттердин кыргыз тилдүү чөйрөгө социалдык-маданий адаптацияланышын жеңилдетип, мамлекеттик тилди үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырат.

Медициналык багыттагы чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда интерактивдүү окутуунун натыйжалуу формаларынын бири катары **кластер түзүү ыкмасы** кеңири колдонулат. Лингвистикалык аспектиде кластер деп жалпы семантикалык белгилери боюнча бириктирилген сөздөрдүн тобу түшүнүлөт. Адатта, кластердеги негизги түшүнүк жана ага байланышкан сөздөр жалпыдан жекеге карай иреттелген маанилик байланышты түзөт. Мисалы, «эмерек» түшүнүгүнө стол, шкаф, керебет, кресло, отургуч ж.б. сыяктуу сөздөр кирет.

Кыргыз тилин чет тил катары окутууда кластер түзүү ыкмасын колдонуу лексикалык бирдиктерди өздөштүрүү жана эстеп калуу процессин жеңилдетет. Бул метод тилдик материалды логикалык негизде системалаштырууга, түшүнүктөрдүн ортосундагы байланышты аныктоого жана сөз байлыгын кеңейтүүгө жардам берет.

Окутуунун баштапкы этабында студенттерге «Азык-түлүк», «Кесиптер», «Кыргыз улуттук ашканасы», «Эмеректер», «Түстөр», «Студенттин окуу куралдары» сыяктуу темалар боюнча кластерлерди түзүү сунушталат. Ал эми кийинки курстарда кластер түзүү көбүнчө кесиптик багыттагы темаларды өздөштүрүүгө багытталат. Мисалы, медициналык терминологияны үйрөнүүдө «Жогорку буттун бөлүктөрү», «Дене мүчөлөрү», «Адамдын ички органдары» «Ооруканандын бөлүмдөрү», «Медициналык кызматкерлер» сыяктуу кластерлер пайдаланылат. Кесиптик даярдыктын жогорку баскычтарында кластер түзүү студенттердин медициналык терминдерди системалуу түрдө өздөштүрүүсүнө жана аларды практикалык ишмердүүлүктө колдонуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Мисалы, «Бронхиттин себептери», «Бронхиттин белгилери», «Ооруну дарылоо ыкмалары» сыяктуу кластерлерди түзүү аркылуу студенттер кесиптик лексиканы тезирээк өздөштүрүп, маалыматтарды логикалык байланышта кабыл алууга үйрөнүшөт. Натыйжада бул ыкма тилдик компетенция менен бирге кесиптик компетенциянын да калыптанышына оң таасирин тийгизет.

Интерактивдүү окутуунун натыйжалуу ыкмаларынын бири болуп **«мээ чабуулу»** (brainstorming) методу саналат. Бул метод кыргыз тилин чет тил катары окутууда окуу материалы менен иштөө процессинде кеңири колдонулат жана студенттердин тилдик даярдык деңгээлин, грамматикалык көндүмдөрүнүн калыптануу даражасын жана жалпы коммуникативдик компетенциясын аныктоого мүмкүндүк берет. «Мээ чабуулу» методу студенттердин чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатууга, топ менен иштөө көндүмдөрүн калыптандырууга жана алардын интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн мобилизациялоого багытталган. Бул ыкма студенттерди өздөрүнүн мурда өздөштүргөн билимдерине кайрылууга, аларды жаңы коммуникативдик кырдаалдарда колдонууга түрткү берет. Натыйжада теориялык жактан өздөштүрүлгөн, бирок практикада сейрек колдонулган тилдик бирдиктер активдешип, кеп ишмердүүлүгүндө натыйжалуу пайдаланылат.

Азыркы маалыматтык коомдун шартында санариптик технологиялар билим берүү процессинин маанилүү компоненти болуп калды. Айрыкча чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда санариптик технологияларды колдонуу окуу процессин модернизациялоого, окутуунун сапатын жогорулатууга жана студенттердин билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө шарт түзөт. Санариптик каражаттар окутуунун мазмунун байытып, тил үйрөнүүнү студенттер үчүн жеткиликтүү, кызыктуу жана натыйжалуу кылат.

Кыргыз тили сабактарында онлайн-платформаларды, мультимедиялык материалдарды, интерактивдүү тапшырмаларды жана мобилдик тиркемелерди пайдалануу окуу материалын визуалдык жана аудиовизуалдык формада сунуштоого мүмкүндүк берет. Мындай каражаттар тилди үйрөнүүнүн коммуникативдик багытын күчөтүп, студенттердин сөз байлыгын кеңейтүүгө, угуп түшүнүү, окуу, жазуу жана сүйлөө көндүмдөрүн комплекстүү өнүктүрүүгө жардам берет.

«Учурда маалыматтык -коммуникативдик технологиялар аркылуу окутуу үчүн көптөгөн ар кандай окутуу патформалары бар, мисалы, биргелешип иштөөгө багытталган Moodle платформасы [1, 45-бет], студенттер менене түздөн түз чыгууга шартталган Zoom платформасы, GAUDI порталдары» [2, 28-бет]. Ушул сыяктуу билим берүү платформаларын колдонуу аркылуу студенттерге окуу материалдарын, электрондук окуу куралдарын, презентацияларды жана видеосабактарды жеткирүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Бул платформалар тапшырмаларды аткарууну, алардын аткарылышын көзөмөлдөөнү жана кайтарым байланышты уюштурууну жеңилдетет. Интерактивдүү тесттер жана оюн элементтерине негизделген санариптик ресурстар студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттырат. Мындай каражаттар билимди көзөмөлдөөнү жеңилдетип, дароо кайтарым байланыш алууга мүмкүндүк берет. Студенттер өз каталарын өз алдынча талдап, аларды оңдоого аракеттенишет, бул болсо окуу жетишкендиктеринин жогорулашына алып келет.

Лексикалык жана грамматикалык материалдарды бекемдөө максатында Quizizz, Kahoot, Wordwall, LearningApps сыяктуу интерактивдүү платформалар натыйжалуу колдонулат.

Чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда кеңири колдонулган санариптик ресурстардын бири – Kahoot интерактивдүү билим берүү платформасы болуп саналат. Бул платформа оюн технологияларынын элементтерин пайдалануу аркылуу студенттердин окууга болгон кызыгуусун арттырууга жана билимди өздөштүрүү процессин активдештирүүгө багытталган. Kahoot платформасын колдонуунун негизги максаты – студенттердин лексикалык жана грамматикалык билимдерин текшерүү, алган билимдерин бекемдөө, ошондой эле окуу процессинде ыкчам кайтарым байланышты камсыз кылуу болуп саналат. Кыргыз тили сабактарында Kahoot платформасы жаңы сөздөрдү өздөштүрүү жана бекемдөөдө; грамматикалык эрежелерди кайталоодо; тематикалык лексиканы текшерүүдө; окуу материалын жыйынтыктоодо натыйжалуу колдонулат. Мисалы, «Медициналык терминдер» темасын өздөштүрүүдө студенттерге «Бул кайсы орган?», «Туура терминди тандаңыз», «Оорунун белгилерин аныктаңыз» сыяктуу тесттик тапшырмалар сунушталат. Ал эми «Кыргыз улуттук ашканасы» темасында тамак-аш аталыштарын, ингредиенттерди жана алардын мүнөздөмөлөрүн аныктоого байланышкан суроолор колдонулат.

Аталган ресурстар оюн элементтерин камтыгандыктан студенттердин окууга болгон мотивациясын жогорулатып, билимди өздөштүрүү процессин кызыктуу жана динамикалуу кылат. Интерактивдүү тесттер аркылуу студенттер өз билим деңгээлин өз алдынча баалап, кетирген каталарын талдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат. Мультимедиялык технологияларды колдонуу да өзгөчө мааниге ээ. Кыргыз тилиндеги видеоматериалдар, подкасттар, аудиожазуулар, электрондук сөздүктөр жана инфографикалар студенттердин угуп түшүнүү жөндөмүн өнүктүрүп, тилдик чөйрөгө жакындатат. Өзгөчө күнүмдүк турмуштук жана кесиптик кырдаалдарды чагылдырган видеосюжеттер коммуникативдик компетенцияны калыптандырууда эффективдүү каражат болуп саналат. Мындан тышкары, мобилдик тиркемелерди пайдалануу студенттерге кыргыз тилин каалаган убакта жана каалаган жерде өз алдынча үйрөнүүгө шарт түзөт. Электрондук сөздүктөр, лексикалык тренажёрлор жана онлайн-котормочулар жаңы сөздөрдү өздөштүрүүнү жеңилдетип, окуу процессинин үзгүлтүксүздүгүн камсыздайт.

Практикалык тажрыйба көрсөткөндөй, санариптик технологияларды системалуу колдонуу студенттердин сабакка катышуусун активдештирип, алардын мотивациясын жогорулатат, тилдик материалды өздөштүрүү процессин тездетет жана окуунун сапатын жакшыртат. Мындан улам санариптик технологиялар чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутуунун натыйжалуу интерактивдүү каражаттарынын бири катары бааланат жана аларды билим берүү процессине кеңири интеграциялоо заманбап окутуунун негизги талаптарынын бири болуп саналат.

Чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда интерактивдүү методдорду колдонуу коммуникативдик компетенцияны калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. Анткени коммуникативдик жөндөмдөрдү өнүктүрүү кыргыз тилин чет тил катары окутуу методикасынын негизги максаттарынын бири болуп эсептелет. Интерактивдүү окутуу методдорун пайдалануу студенттердин тилдик жана коммуникативдик көндүмдөрүн өркүндөтүү менен катар алардын интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалын өнүктүрүүгө, сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдөрүн калыптандырууга жана жамаатта натыйжалуу иш алып баруу көндүмдөрүн өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт. Мындан тышкары, интерактивдүү методдор студенттердин окуу процессиндеги активдүүлүгүн жогорулатып, өз алдынча билим алуу жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө жана алынган билимдерди практикалык кырдаалдарда колдонууга мүмкүнчүлүк берет.

КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ

1. Абдыкадырова М.Б. Кыргыз тилин окутууда Moodle системасын колдоонун өзгөчүлүктөрү. /Международный научный журнал. “Экономика. Управление. Образование.” - 2021. №1 (010). – 45-49-бб.
2. Абдыкадырова М.Б. Чет өлкөлүк студенттерге кыргыз тилин окутууда санариптик технолгоияларды колдонуунун кээ бир ыкмалары. /Международный научный журнал. “Экономика. Управление. Образование.” - 2023. № 1 (013). – 26-30-бб.
3. Бим-Бад Б.М. Педагогический энциклопедический словарь. - М., 2002. С. 107
4. Муратов А.Ж. Окутуунун жаңы технологиялары. - Б.: 2017
5. Пассов Е.И. Коммуникативный метод обучения иностранному языку. – Москва, 2019.